Ой булбул

Сөзү,обону: Элдики

Ой булбул, кериле басып түрлөнүп,

Келишкен гана эле, жыпар гүлдөнүп.

Кейишке эле мынча не салдың,

Ой булбул, ой булбул,

Сен булбул, керимапан үндөнүп.

Күйдүрөсүң, булбул, кара көз,

Күйгөндөн, сизге айткан сөз.

Шаттыктын көөнү, көркү деп,

Шаңданган курбум эркин деп.

Ой булбул, күлпунасың тотудай,

Сен булбул кубандырып жүрөктү.

Же санаалуу кылып өзүңдү,

Карачы гана эле кимдер үйрөттү.

Буралып басып, түрлөнүп,

Муңканттың гана жыпар гүлдөнүп.

Деги муунумду бошоттуң,

Сен бураган арген үндөнүп.